DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



*Самсалиева М.*

# ФОЛЬКЛОР МЕНЕН АДАБИЯТТЫН КАРЫМ КАТЫШЫ АДАБИЯТЧЫЛАРДЫН ИЗИЛДӨӨЛӨРҮНДӨ

*Самсалиева М.*

# ВЗАИМОСВЯЗЬ ФОЛЬКЛОРА И ЛИТЕРАТУРЫ В ИССЛЕДОВАНИЯХ ЛИТЕРАТУРОВЕДОВ

*M. Samsalieva*

# INTERACTION BETWEEN FOLKLORE AND LITERATURE IN THE RESEARCH OF LITERARY SCHOLARS

*УДК: 398.3:82 (575.2)(04)*

*Бул макалада фольклор менен адабияттын карым-катышы тууралуу илимий адабияттарга обзор берилип, аталган маселенин түрк тилдүү элдеринин, анын ичинде казак адабият таануусунда изилдениш абалына анализ берилет. Адабиятта фольклорду аң сезимдүү жана аң-сезимсиз, күтүүсүздөн (спонтанное) жана максаттуу түрдө (целонаправленное) пайдалануунун айырмачылыктары талданып, фольклордун адабияттын өнүгүү мезгилинде, же бышып жетилген мезгилинде колдонулушун так кесе ажырымдап коюу мүмкүн эмес экени, бул жерде автордун чыгармачылык даремети, кайсы чөйрөдө чоңоюп, билим алган инсандык абалдарына көз карандылык келип чыгышы толук мүмкүн экени ырасталат. Бул маселелердин Сейит Каскабасов, Темирхан Тебегенов, Бекен Ыбырайым, Рахима Сыздыкова сындуу казак адабиятчыларында, Салижан Жигитов, Кеңешбек Асаналиев, Абдыкадыр Садыков, Качкынбай Артыкбаев, Лайли Үкүбаева, Садык Тиллебаев, Суусар Искендерова сындуу кыргыз адабиятчыларында изилдениш абалына анализ берилип, автордун көз караштары жалпылаштырылат.*

***Негизги сөздөр:*** *поэзия, фольклор, жаңычылдык, изилдөө, акыдар поэзиясы, таасир, илимий изилдөөлөр, талдоолор.*

*В данной статье был сделан обзор научной литературы по взаимосвязи фольклора и литературы, а также было проанализировано состояние исследования литературоведения тюркских народов, а именно казахского народа. Проведен анализ особенностей сознательного и бессознательного, спонтанного и целенаправленного использования фольклора в литературе и сделан вывод, что сказать точно, был ли применен фольклор во время развития литературы, или во время полного сформирования невозможно. Тут подчеркивается, что многое зависит от творческой инициативы автора, среды, в которой он вырос и от человеческих качеств, которые он приобрел. Было проанализировано положение исследований данных вопросов казахскими литературоведами как Сейит Каскабасов, Темирхан Тебегенов, Бекен Ыбырайым, Рахим Сыздыков, кыргызскими литературоведами как Салижан Жигитов, Кенешбек Асаналиев, Абдыкадыр Садыков, Качкынбай Артыкбаев, Лайли Укубаева, Садык Тиллебаев, Суусар Искендерова и были обобщены взгляды и мнения авторов.*

***Ключевые слова****: поэзия, фольклор, новизна, исследование, поэзия акынов, влияние, научные исследования, анализы.*

*This article reviewed the scientific literature on the interaction between folklore and literature, and also analyzed the state of the study of the literary criticism of the Turkic peoples, of which the Kazakh people. The analysis of the features of the conscious and unconscious, spontaneous and purposeful use of folklore in literature is carried out and it is concluded that it is impossible to say for sure whether folklore was used during the development of literature, or during its full formation. It is emphasized here that much depends on the creative initiative of the author, the environment in which he grew up and the human qualities that he acquired. The state of research of these issues by by Kazakh literary critics such as Seyit Kaskabasov, Temirkhan Tebegenov, Beken Ybyraiym, Rakhima Syzdykova, Kyrgyz literary critics such as Salizhan Zhigitov, Keneshbek Asanaliev, Abdykadyr Sadykov, Kachkynbai Artykbaev, Laili Ukubaeva, Sadyk Tillebaev, Suusar Iskenderova, was analyzed, and the views and opinions of the authors were summarized.*

***Key words:*** *poetry, folklore, novelty, research, Akyn poetry, influence, scientific research, analysis.*

Бул маселе канатташ өмүр сүрүп, жашоо маданияты, социалдык абалдары дээрлик окшош болгон түрк тилдүү элдердин адабият таануусунда да олуттуу талкууланып, жаңыдан жазуусу пайда болгон адабиятта (малописьменных) жана өнүккөн адабияттын деңгээлинде кароону белгилешет. Анда биринчи деңгээлде "...преобладает бессознательное обращение писателей к их изначальному, т.е. фольклорному эстетическому фонду" [7, 15-б.] - деп аныктайт. Башкача айтканда, алгач жаралган жазма адабияттын баштапкы абалын мүнөздөөдө фольклордун аң-сезимсиз толук түрдө формалык да, мазмундук да ыңгайда кабыл алынышына негизделет. Бул маселе тууралуу "...сознательной идейно-эстетической деятельности авто-

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



ров и “бессознательном” консерватизме традиционных форм и идей” [2, 55-б.]” - деген абхаз адабиятчысынын оюна таянуу менен адабиятчы С.Искендерова: “...аң-сезимдүү жана аң сезимсизден башка дагы күтүүсүздөн (спонтанное) жана максаттуу түрдө (целенаправленное) фольклорду пайдаланууну айырмалоо зарыл, эч качан биринчини жалаң гана адабияттын өсүү мезгилинде, ал эми экинчини бышып жетилген гана этапка байлабаш керек [10, 275-б.] деген тыянак чыгарат. Чындыгында фольклордун адабияттын өнүгүү мезгилинде, же бышып жетилген мезгилинде колдонулушун так кесе ажырымдап коюу мүмкүн эмес, бул жерде автордун чыгармачылык даремети, кайсы чөйрөдө чоңоюп, билим алган инсандык абалдарына көз карандылык келип чыгышы толук мүмкүн.

Аталган проблема тууралуу казак адабият таануусунда да бир топ талаш-тартыштар жүрүп, бир катар конструктивдүү ойлор айтылат. Казак жазма адабиятынын генезисин караган эмгектерде жазма адабиятынын башатын ислам маданияты менен байланышта каралат. Профессор С.Каскабасов: “...Поэтикалық импровизация олардың кәсібіне айналды және ақындар енді ауылдарды аралай баштады. Соның арқасында өмірді тереңірек және кеңірек таныды, өздері барган өлкелердің тарихы мен мәдениеті бойынша білім іздеп тапты, арабша оқып жаза білуді үздіксіз үйренді және Шығыстын классикалық поэзиясына етене араласты” [1, 27-38-бб.] - деп улуттук адабий процессти курай турган акындык поэзия өкүлдөрү чыгармачылыгын калыптандырууга, өнөрүнүн жогору коомдук маани алуусуна аракет жасоосу, билим алууга умтулуусу негиз болгонун жазат. Ошондой эле акындык поэзиядагы фольклор менен адабияттын карым катышы тууралуу буларга токтолот: “Фольклор мен әдебиет байланыстарына қазакқ мәтіндері тұрғысынан қараганда әдебиет тарихының , әртүрлү кезеңдеріне сәйкес төрт типті накты көрінеді: “гентикалык байланыс”, “қарсы әсер байланысы”, Ундес байланыс” және “кері байланыс” [11, 19-24-бб.] - деп бөлүштүрүп, акындар поэзиясын гентикалык байланышта карап, фольклордук жанрлардагы поэтикалык жаңылактардын жалгаштыгы жана автордук башталыштын болушунан синкреттүү берилиши чыгармадагы фольклор менен адабияттын карым-катышын негиздешин жазат. Ал эми акындык поэзиядагы фольклор менен адабияттын карым катышын талдоого алган Темирхан Тебегеновдун пикиринде акынедык поэзиядагы фольклор менен адабияттын карым-катышынын негизи катары – импровизацияны белгилейт. “Бұл – акындык поэзиянын ауызша және жазба үлгілеріне де ортак шығармашылық құбылыс” [15, 14-б.] катары сыпаттайт. Чындыгында фольклордук жанрлардын өз формасында жаралган көркөм туундулардагы мазмундук жана поэтикалык жаңылыктар, ошондой эле автордун аты менен аталып, так адресатка багытталышы, мезгил менен жалгаштыгы сындуу маселелер акындар поэзиясындагы адабияттык башталышты негиздей турган фактылардан.

Мунун өзү изилдөөчү Б. Ыбырайымдын: “Рас, әр ұлттық әдебиеттану үшін бірінші кезектегі мәселе өз халқының тарихи тағдыры мен танымына шешуші немесе елейлі ықпал жасаған көркемдік құбылыстарды убакыт пен кеңістік контексінде таразылау” [18] зарыл деген пикиринде да ырасталат.

Фольклор кайсы мезгил, кандай шарт болбосун, адабияттын жаңы жаралып, өнүгүү мезгилиндеби же калыптанган учурандабы элдик байлык, улуу мурас катары жашап келиши бир катар адабиятчылардын эмгектеринде [6] тастыкталды. Бирок, ар бир тарыхый мезгилде, ар түрдүү доордо өнөр адамдарынын фольклорго кайрылуусу түрдүү деңгээлде, даражада болору анык. Мындан улам XIX кылымдын 2 жарымы, XX кылымдын баш ченинде өнүм сүргөн кыргыз акындар чыгармачылыгы андагы фольклордун орду жана профессионалдык поэзияга өтүүдөгү ролу тууралуу маселе ачык боюнча турат дешке болот.

Кыргыз адабият таануу илиминде да фольклор менен адабияттын карым катыш маселелери бир катар изилдөөлөрдө талданган. Адабиятчы Салижан Жигитов бир катар эмгектеринде бул маселе өтө татаал, бир караганда эле дароо көрүнө койбогон, кадаланып караганда деле байкалышы кыйын маселе экенин белгилейт. Кыргыз поэзиясынын өнүгүшү элдик фольклордон башталарын, анда төкмө ырчылар поэзиясы күчтүү өнүккөндүгүн жазып, “...азыркы адабият таануубузда ырчылардын чыгармачылыгы фольклордон ажыратылып, өз алдынча көркөм феномен катары каралып жүргөнүндө кадыресе жүйө бар. Фольклор менен өтмө катар байланышта болсо дагы, негизинен фольклордун сферасында гана өсүп-өнүксө да, ырчылар поэзиясы аздыр-көптүр өз алдынча өзгөчөлүктөргө ээ. Эң оболу белгилей кете турган нерсе: төкмө ырчылар элдин нускалуу поэтикалык салттарын жөн гана кайталап койбой, аларды белгилүү даражада өөрчүтүп, турушкан. Ырчылардын чыгармачылыгы аркылуу фольклор белгилүү даражада индивидуалдуу түс, индивидуалдуу стиль алууга жетишкен” [9, 24-б.] - деген таамай айтылган пикирин жазат. Андан кийин “20-жылдардагы кыргыз адабияты” (1980) аталышындагы эмгегинде адабий-тарыхый фактыларга таянуу менен кыргыз совет адабиятынын жаралыш шарттары, ошол мезгилдеги проза жана

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



драматургиянын пайда болуу, телчигүү, өрчүү тарыхына байланышкан фактыларды анализге алат. Эмгекте автор кыргыз профессионалдык адабиятынын жаралыш шартынын бир фактысы катары кол жазма адабиятынын өкүлдөрүн эсептеп, "...жаңы доордун башталыш жылдары кыргыз көркөм өнөрүнүн жазма формасы Ташкен менен Алматыда окуган кыргыз студенттеринин арасындаг гана эмес, Кыргызстан аймагынын ар кайсы булуң бурчтарында да өнүп өөрчүй баштаган. Бул биринчи иретте Тоголок Молдо, Ысак Шайбеков, Абылкасым Жутакеев, Токторалы Талканбаев, Орозакун Лепесов, Жумадыл Түлөкабылов сыяктуу жазма ырчылардын чыгармачылышгына тиешелүү. ....Бул жазма ырчылар жаңы коом үчүн күрөшкө жеке керт башы менен гана эмес, жазган чыгармалары менен да активдүү катышкан." [8, 242-б.] - деп жазма ырчылар советтик курстардан окушуп, өлкөнүн саясий багытын эрте түшүнүп, маданий-агартуу иштерине алгачкылардан болуп аралашканын жазат. Демек, адабиятчынын пикиринде профессионалдык поэзиянын калыптанып, өнүгүшүндө төкмө жана кол жазма акындарын өз ичине камтыган ырчылар поэзиясы түздөн-түз негиз болуп бергенин, фольклордун кыртышынан өнүм алып турса дагы профессионалдуулукка, индивидуалдуулукка ыктаган жаңычыл багыттары бар экендигин адилет белгилейт. Ушул эле ойлор полемикалуу бир катар макалаларында жана "Жаңычылдык жолунда" (1975), "Кечээкинин сабактары, бүгүнкүнүн талаптары" (1991) сындуу изилдөө сын макалалар топтомдорунда негизги илимий концепция катары сунушталат.

Адабиятчынын пикиринде жазма адабияттын жаралышында кайсы бир деңгээлде фольклор башатбулак катары кызмат өтөгөндүгү, ал эми акындар поэзиясы ошол фольклордун индивидуалдуулукка багыт алган этабы катары каралат.

Адабиятчы Кеңешбек Асаналиев ушул эле ойду "... азыркы жазма адабияттын биринчи тажрыйбалары, биринчи "чабалекейлери" жаралганга чейин кандайдыр бир өткөөл доордун, даярдык доордун болгону жана ал доор оозеки формада болгону ырас. Социалдык турмуш, жаңы советтик чындык жаңы адабияттын жаралышына толук негиз берсе да, али жазма болбогондуктан анын "функциясын" аткаруу оозеки поэзиянын үлүшүнө тийди. Жаңы замандын өзгөрүшүн ырдоо тарыхый миссиясы оозеки поэзиянын алптары Токтогулдун, Тоголок Молдонун поэтикалык тагдырына туш келди" [4, 376-б.] - деп толук түрүндө фольклордун кыртышында турса дагы жазма адабияттын жаралышына акындар поэзиясы "даярдык доор", "өткөөл доор" катары кызмат өтөгөнүн жазып, Токтогул, Тоголок Молдо сындуу акындарды оозеки чыгармачылыктын өкүлдөрү катары сапаттайт. Ал эми адабиятчы Абдыкадыр Садыков "...Кыргыз совет адабиятынын өсүшүнө белгилүү салымын кошкон жазуучуларыбыздын бири Тоголок Молдо Октябрь революциясына чейин элдик арман, кошок, сүйүү, жомок жанрларынан кеңири пайдалануу менен көп сандаган чыгармалар жазган. Революциядан кийин аны чогултуу ишине да активдүү катышкан" [13, 403-б.] - деп Тоголок Молдо сындуу кол жазма акындарын "совет адабиятынын өнүгүшүнө салым кошкон жазуучу" катары сыпаттайт.

Ырчылык өнөрдү кесип кылган акын-ырчылар казак адабият таануусунда да чыныгы профессионалдык акындар катары сыпаттаган эмгектер бар. Мисалы, профессор Р.Сыздыкова: "Қазақтың ақын-жыраулар туғызған авторлы әдебиетін профессионал әдебиет деп, ақын-жырауларды "өлеңшілер, жыршылар" емес, нағыз профессионал көркемсөз иелери деп танимыз" [13, 167-178-бб.] - деген пикири менен жырау-акындарды профессионал адабияттын өкүлдөрү катары сапаттайт. Демек, дабияттын тарыхы тууралуу жазылган эмгектерде жогортон белгилегендей, XIX кылымдын аягы XX кылымдын баш ченинде акындар поэзиясы айрым изилдөөчүлөрдө фольклордук мүнөз күтүп, ал эми ырчы, акындар элдик чыгармачылыкты жаратуучулар катары каралса, айрым талдоолордо алгачкы жазма адабиятты жаратуучулар катары сыпатталган. Ошол жылдардагы адабияттын мүнөзү тууралуу К.Артыкбаев ошол мезгил тууралуу өз ойлорун айта келип, "албетте, бул али социалисттик реализм эмес болучу. Бирок, ал фольклор да эмес эле" [3, 86-б.] деген пикирин билдирсе, К.Асаналиев ал кездеги акындар (Молдо Кылыч) чыгарма жаратууда түпкүрдөн, ичкериден стихиялуу түрдө жазма адабияттын көркөм закондорун ача баштаганын белгилесе [5], Л.Үкүбаева "жазгыч акындардын чыгармачылыгы – төкмөлүк импровизаторлук менен жазмалык сапаттардын айкалышуусунан жаралган өзүнчө бир өзгөчө кубулуш" [17, 4-б.] – катары мүнөздөйт. Адабиятчы С.Тиллебаев да ушул эле позицияны кармаңып, "Беш молдо" (2004) аталышындагы эмгегинде акындар поэзиясы фолкьлор менен жазма адабияттын салттарын бирдей калыптаган өткөөл этап экенин белгилейт [19 26-б.]. Мунун өзү, акындар поэзиясы бир канча сапат-белгилери боюнча фольклордук мүнөз күткөндүгү менен кайсы бир белгилери боюнча жазма адабияттын салттарын калыптандырган өзгөчө чыгармачылык этап катары кароого негиз берет.

Жеке (индивидуалдуу) чыгармачылыктын фольклордон бөлүнүп чыгуу проблемасын талдоодо

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



адабиятчы С.Искендерова " ...жазгыч акындардын чыгармалары канчалык деңгээлде жазма адабияттын үлгүсүндө, канчалык деңгээлде оозеки адабияттын үлгүсүндө болгон?" деген суроо коюп, аны чечмелөөдө Молдо Кылычтын чыгармачылык эволюциясын талдоо аркылуу М.Богдановանын "От фольклора к письменной литературе" (Вопросы литературы. - 1957. - №1. - с.147) аттуу макаласындагы "... ал кездеги жазма адабият өнүгүүгө мүмкүнчүлүгү болбогондуктан, анын аткарчу көркөм поэтикалык кызматын, төкмө акындардын чыгармачылыгы иш жүзүнө ашырган. Дал ушундай тарыхый шарттарда жазма адабияттын функциясынын бир бөлүгүн төкмө акындардын өздөрүнө алды – деген оюна таянуу менен төкмө акындар менен жазгыч акындар да жогорку милдеттерди аткарган турбайбы деген мыйзам ченемдүү корутунду өзүнөн-өзү келип чыгат" [10, 82-б.] - дейт. Андан ары ар бир кол жазма адабиятынын өкүлдөрү болгон Молдо Кылыч, Молдо Нияз, Нурмолдо, Алдаш Молдо ж.б. акындардын чыгармачылыгын анализге алып, кыргыз акындарынын чыгармачылыгында да индивидуалдуулук менен традициялык элементтер органикалык түрдө байланышта болору, алардагы негизги өзгөчөлүк элдик салтуу сюжеттерди пайдалануу менен жаңы окуялар, жаңы образ, сүрөттөөлөр менен толукталып, идеялык-көркөмдүк жагынан чыңалып, оргиналдуу көркөм чыгармага айланары жазылат. Автордун "кыргыз жазма адабияты менен профессионал адабиятынын алгачкы бүчүрлөрү мурдагы кылымдарда эле жарала баштаган экен, бирок алар таза жазма адабияттын талаптарына толук жооп бербесе да, көбүн эсе фольклордук элементтерди кайталаса, айрым жактары жазма адабиятка багыт алып, эки эстетикалык системанын чегинде, өз ара синтезде болгон экен" [10, 85-б.] - деген оюна кошулууга болот. Чындыгында акындар чыгармачылыгы (асыресе кол жазма акындар) оозеки чыгармачылык менен жазма адабияттын салттарын өз боюна сиңирген көркөм кубулуш дешке болот.

**Адабияттар:**


1. XIX ғасырдағы қазақ әдебиеті және Абай шығармашылығы // "Мен жазбаймын өлеңді ермек үшін. / Ғыл.еңб. жин. - Алматы: Абай атындағы АлМУ, 1995. - 238-б.
2. Агрба В.Б. Абхазская поэзия и устно народное творчество. - Тбилиси, 1971. - С. 255.
3. Артыкбаев К. Ар түрдүү издер. Адабий сын макалалар. - Фрунзе: "Мектеп", 1986. - 286 б.
4. Асаналиев К. Учууга эки канаттай... Китепте: Классикалык изилдөөлөр (Адабият таануу, 1-китеп). Түзгөндөр: А.Акматалиев, К.Даутов, А.Кадырманбетова. - Б., 2017. - 376 б.
5. Асаналиев К. Башат. // Кыргыз маданияты. - 1989. - 31-авг. - 5-б.
6. Базарбаев М. Национальные традиции и новаторство в Казахской поэзии: автореф.дисс...д-ра филол.наук. - Алмата, 1969. 29-б.
7. Даглат У.Б. Литература и фольклор: теоретический аспект. - М.:Наука, 1981. - С. 115.
8. Жигитов С. 20-жылдардагы кыргыз адабияты. Китепте: Классикалык изилдөөлөр (Адабият таануу, 1-китеп). Түзгөндөр: А.Акматалиев, К.Даутов, А.Кадырманбетова. - Б., 2017. - 242 б.
9. Жигитов С. Ырлар жана жылдар: Адабий сын макалалар. - Фрунзе: "Кыргызстан", 1972. -180 б.
10. Искендерова С. Жеке чыгармачылык менен көркөм мурастын айкалышы. - Б., 2010. - 275 б.
11. Каскабасов С. О типах и формах взаимодействии казакской литературы и фольклора // Известия Ан КазССР: Серия филологическая. - 1984. №3. - С. 124.
12. Петров В. Роль фольклора в жарождении Якутской литературы. - Якутск: Якутск, кн. Изд., 1972. - С. 316.
13. Садыков А. Алыкул Осмоновдун элдик жанрларды, сюжеттерди, көркөм сөз каражаттарын пайдаланышы жана акындын новаторлугу. Китепте: Классикалык изилдөөлөр (Адабият таануу, 1-китеп). Түзгөндөр: А.Акматалиев, К.Даутов, А.Кадырманбетова. - Б., 2017. - 403 б.
14. Сыздықова Р. Ақын-жыраулар поэзиясы // Құлекеұлы Шал ақын. Шығармалар, зерттеулер. - Алматы: Ғылым, 1992. - 178 б.
15. Тебегенов Темірхан Ақындық поэзиядағы фольклор мен әдебиет дәстүрі. Фил. Ғыл. Доктору ғылыми дәрежесін алу үшін дайындалған диссертацияның авторефераты. - Алматы, 2000. - 214 б.
16. Унгвинцевская М. Проблемы фольклоризма в Тюкских литературах // сов.тюркологии. - 1970. - №5.
17. Үкүбаева Л. Жазгыч акындардын чыгармачылыгы. - Б., 1994. - 214 б.
18. Ыбырайым Б. Ұлттық әдебиеттанудың ахуалы қандай? // Қазақ әдетиеті. - 2001. - 13 шілде. - №28.
19. Тиллебаев С. Беш молдо. - Б., 2004. - 216 б.
20. Калиева Н.Ж., Молдосултанова Г.Т. Роль фольклора в становлении и развитии русской детской литературы. Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана №4. 2015. С.254-256.